Бекитемин

Д.Шопоков атындагы

орто мектептин директору

"01" _____09_____ 2022ж.

# Тарбия завучунун

# иш планы

# 2022-2023 о.ж.

Бекитем:

мектеп директору

Сатылганов Дж.Дж.

## Д. Шопоков орто мектеби
## 2022-2023 окуу жылына түзүлгөн тарбиялык планы

### Август

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин жыйналышында карала турган маселе:<br>1) Окуу тарбия ишин жакшыртуу боюнча эксперименталдык план боюнча иш алып баруу.<br>2) 1-сентябрь- Билим күнүнө даярдык жана өтүлүүчү тарбиялык сааттар.<br>3) КРнын Президентинин "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө" жарлыгы боюнча талкулоо жана иш-планын түзүү. | 22.08.22<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>29.08.22<br><br>Жыл ичинде | Тарбия завуч<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Кл жетекчи | Усулдук бирикме |

### Сентябрь

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| Салтанаттуу линейканы өтүү<br>1) Билим сабагынын пландарын текшерүү жана бекитүү.<br>2)Мектеп алдындагы дежурствонун жүрүшү.<br>3) Ж.Ж.Э . техникалык эрежелер боюнча "Көңүл бургула балдар" рейдин өткөрүү. Жол эрежесин сактоо боюнча бир айлык жарыялоо жана план түзүү.<br>Үй-мектеп схемасынын түзүлүшүн көзөмөлдөө.<br>4) Мамлекеттик тил күнүнө карата бир айлык жарыялоо.<br>5) Максат уюмунун кеңешмеси лидерлер менен жаңы мүчөлөрдү шайлоо.<br>6) Жума сайын өтүлүүчү ишембиликтердин графигин түзүү. | 01.09.22<br><br><br><br><br><br>06.09.22<br><br><br><br><br><br><br><br>23.09.21. – 22.10.21<br>Жыл ичи<br><br><br>13.09.21 | Тарбия зав.<br>Кл.жет.<br><br><br><br><br>Тарбия завуч<br>Максат уюму<br><br>Кл.жетекчи<br><br><br><br><br>Кыргыз тил жана кырг. адабияты мугалим.<br><br>Максат уюмунун президенти | Усулдук бирикме |

**Октябрь**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1) Карылар кунунө карата иш-чараларды уюштуруу жана 8 микроучасток б-ча ардагерлерге адрестуу жардам берүү графиктерин түзүү. | 30.10.22 | Тарбия .зав.<br>Кл.жет. | Кл.жет.<br>Усулдук бирикме |
| 2) "Мугалим-мөмөлүү дарак" мугалимдер күнүнө карата иш-чараларды өткөрүү. | 05.10.22 | Тарбия зав.<br>Максат уюму | |
| 3) Экология-тарбия айлыгынын планы жана өтүлүчү класстык сааттар. | | | |
| 4) Ден-соолук рейдин өткөрүү. Жугуштуу оорулар боюнча профилактика. | 25.10.22 | Кл.жетекчилер | |
| 5) Тартип – тазалык б-ча рейд. | | | |
| 6 )Күндөлүк, окуу-куралдарынын абалдары. Рейд. | | Максат уюму | Максат уюмунун кеңеши |
| 7) "Тарыхтагы улуу инсандар" класстык сааттар. | | | |

**Ноябрь**

| Аткарылуучуиштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1) Атуулдук тарбия айлыгынын планы жана өтүлүүчү класстык сааттар. | 01.11.22 | | Усулдук бирикменин кеңеши |
| 2) Д.Шопоков эрдигинин 80 жылдыгы | | Тарбия .зав. | |
| 3) Мектеп лидерлери менен жолугушуу | | | |
| 4) Мектептеги тартип тазалык б-ча рейд өткөрүү | | Максат уюму | |
| 5) Китеп жумалыгынын конкурсу | | | |
| 6) Өлбөс эрдиктер-эскерүү класстык саат | 30.11.22 | | |

**Декабрь**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1)Мектеп арасында <<Биз спидке каршыбыз>> акциясын өткөрүү 7-8-9кл | 01.12.22 | Биология Мугалими | Кл.жет.<br>Усулдук бирикме |
| 2)Кайрымдуулук фонд түзүү<br>Жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша ЖСМ б-ча үй-бүлөлүк дарыгерлер менен кароо өткөрүү. | | Максат уюму<br>ФАП<br>Кызматкер | Директор алдында кең. |
| 3) Жаңы жыл кечесин өткөрүү боюнча план түзүү жана өткөрүү. | | Кл. жетекч.<br>Тарбия зав. | |
| 4) 1-жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгаруу. | | | |

**Январь –Февраль**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1)Сергек жашоонун мунөзү б-ча декада өткөрүү. Грипп оорусу боюнча профилактика. | 16.01.23 | Тарбия зав. | Усулдук бирикме |
| 2) Атуулдук тарбиялоого багыт берүү. 9-10-11 кл арасында жигиттер конкурсун өтүү. | 22.02.23 | | |
| 3) Афган кунүнө карата эскерүү кечесин өтүү | | Тарых Мугалим | |
| 4) Предметттик айлыктарынын жыйынтыгы. | 27.02.23 | | |
| 5) “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү” деген темада класстык ачык сааттарды өтүү, тегерек стол уюштуруу | 01.03.23 | Тарбия зав.<br>Кл.жетекчилер | |
| 5) Дежурствонун жүрүшу жана китеп , кундөлук рейдин өткөрүү. | | Максат уюму | |

**Март**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1) Мамлекеттик туу жана Ак калпак күнүн өткөрүү. Мамлекеттик символика б-ча тарбиялык сааттар. | 03.03.23 | Тарбия зав.<br>Кл.жет. | Усулдук бирикме |
| 2) Адеп тарбия маданият айлыгы. <<Биз сыймыктанган апалар>> айлыгындагы ардактуу эжелер менен жолугушуу өткөрүү. | 07.03.23 | | |
| 3) Мектеп лидерлеринин кенешмесин өткөрүү. Уюмга жаны лидерлерди шайлоо | | Максат уюму | |
| 4) Нооруз -2022 улуттук каада-салттар, оюндар конкурсу. | 17.03.23 | | |
| 5) Дежурствонун жүрүшү жана жыйынтыгын чыгаруу. | 14.03.23 | | |

**Апрель**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1) Эстетикалык тарбия айлыгынын пландарын бекитүү. | 03.04.23 | Тарбия зав. | Директор алдында кеңеш |
| 2)Элдик баатырларды эскерүү 2010 жыл 7 апрель . | 06.04.23 | | Усулдук бирикме |
| 3) Жума сайын тазалоо ишембиликтерин өткөрүү. | | | |
| 4) Жазгы кросс-ден соолук кунунө даярдык. | 18.04.22 | Д.тарбия<br>Мугалим | |
| 5) Алиппе майрамына даярдык. | | | |
| 6) Жаш инспекторлор конкурсун өкөрүү. | 21.04.22 | кл.жет. | |

**Май –Июнь**

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы каралат |
|---|---|---|---|
| 1) Жениш майрамына даярдык. Д. Шопоков музейинде жолугушуу кечелерин өткөрүү жана эскерүү. | 04.05.23 | Тарбия зав<br>Кл. жетекчи | Директор алдындагы кеңешме |
| 2) Ишембилик өткөрүү | 08.05.23 | | |
| 3) Окуу жылын аяктоо аземин өткөрүү. Акыркы коңгуроо. | 25.05.23 | Тарбия зав<br>Кл. жетекчи | Усулдук бирикме |
| 4) Каникул күндөрүндөгү ЖЖЭ, тех коопсуздук эрежелери боюнча маалымат алуу. | 22.05.23 | | |
| 5) 1-июнь балдарды коргоо күнүнө даярдык. | 01.06.23 | | |

Тарбия завуч:/ / Суюмбекова Ч.А.

Д.Шопоков атындагы орто мектеби

# Д.Шопоков атындагы орто мектебинин тарбия завучунун жыйынтык анализи

2021-2022 о.ж.

WPS Office

Сокулук билим берүү бөлүмүнө

**Д.Шопоков атындагы орто мектеби**
**2021-2022 о.ж. тарбия иштерине берилген маалымат**

Д.Шопоков атындагы орто мектебиде 2021-2022 о.ж. 16 мугалим 177 окуучу менен окуу жылы башталды. Мугалимдердин тарбиялык пландары бекитилип, ачык тарбиялык сааттар коюлду. Ар бир айга пландар түзүлүп, төмөнкүдөй иштер аткарылды.

**Сентябрь:**

Окуу жылы быйыл 15-сентябрда башталып, мектепте " Билим күнүнө" арналган салтанаттуу линейка уюштурулуп, бутуруучу класстын окуучулары жаңы мектеп босогосун аттаган 1-класстын окуучуларын класска жетелеп кирүү менен линейка аяктады. Уюштурулган иштер жыйынтыкталып, ар бир класстын окуучулары класстарына кирип, "Билим күнүнө" арналган тарбиялык класстык сааттар өтүлдү.

Ар бир класс жетекчи 1-4-класс "АТА ЖУРТУМ- АСЫЛ МЕКЕНИМ", 5-9-класс "ТҮБӨЛҮККО ЖЕЛБИРЕЙ БЕР, ЭГЕМЕНДИК ЖЕЛЕГИ", 9-11-класстар "МЕКЕНИБИЗ КЫРГЫЗСТАН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖОЛУНДА" деген темада тарбиялык сабактарды өтүштү.

Окуу башталгандан тартып мектеп алдында дежур окуучулар жана мугалимдер даярдалып, окуучулардын дене табы текшерилип, журналга түшүрүлүп жатты.

23-сентябрь тил күнүнө карата бир айлык жарыяланып, кыргыз тил жана адабият мугалимдери Алышова Р.Б. жана Исмайылова К.С. ар жума сайын кыргыздын каада-салттары,үрп-адаттары, кийген кийимдери, ырлары, кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынан узундулөр чагылдырылып, окуучулардын аткаруусунда көргөзүлүп жатты. Акыркы жумасын "Жаш манасчылар" манас айтышып, суроолорго жооп берүү менен аяктады.

Мындан сырткары сентябрь айынада "Көңүл бургула, балдар" айлыгына карата түзүлгөн план боюнча класс жетекчилер берилген темада сабак өтүштү. 25-сентябрда башталгыч класстарга "Жолдо жүрүү эрежесин сактоо" боюнча кызыктуу театр коюлду.Максат уюму жана тарбия завучу тарабынан рейд жүргүзүлүп, күндөлүктөрдөн мектеп-үй схемасы да текшерилди. Линейка уюштурулуп, ар бир класстын окуучулары тартылган дубал газеттери, докладдарын окуп, даярдалган жана тарбия завучу тарабынан суроо-жооп иретинде маалымат берилди. ГАИ кызматкерлери да келип, класстарда жол эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери өтүлдү.

**Октябрь:**

Октябрь айы-экология айы болгондуктан, окуучулар тарабынан “Экологияны сактоо” боюнча дубал гезиттер чыгарылды, класстык сааттар өтүлдү. “Карынын кебин капка сал” деген темада карылар күнүнө карата карыларга көңүл буруп, сыйлоо керек деген максатта окуучуларга түшүндүрүү иштерин класс жетекчилер тарбиялык сааттар аркылуу түшүндүрүштү.

“Экологияны сактайлы” деген темада география, тарых сабагы боюнча райондук семинар уюштурулуп, эң жакшы деп бааланды.

Ден соолукту сактоо үчүн спорттук көнүгүлөр жазалып, профилактикалык иштер жүргүзүлүп жатты. Тартип, тазалык, күндөлүк, окуу – куралдарынын абалдары боюнча рейддер уюштурулуп турду.

**Ноябрь:**

Октябрь айынын 15 тарта ноябрдын 15 чейин “Жарандык тарбия” айы деп жарыяланды. Түзүлгөн план боюнча “Укук тарбия” кеңешмеси өткөрүлүп, сабактан көп калган , тентек кылган окуучулар менен иш алып баруу, себебин аныктоо боюнча болду. Түзүлгөн план боюнча ИДН кызматкери менен кезектеги жолугушу болуп өттү. 7-11-класстарда өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук, ичкилик ичүү,уурулук, максаты жок бош басып жүрүүнүн зыяндуулугун туралуу ИДН кызматкери аңгемелешүү ишин жургузуп жатты. Класс жетекчилер тарабынан санитардык гигиена, жолдо жүрүү, техникалык коопсуздук, өрт коопсуздугу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Күндө сабак башталар алдында мугалимдер балдардын дене табын текшерип, дежур мугалимдер туруп жатышты.

“Мыйзам деген эмне”, “ Сен өзүндүн укугунду билесинби?” “Зордук зомбулуксуз жашоо” деген темаларда класстык сааттар өтүлдү. Айдын акырында укук тарбия боюнча ИДН кызматкери дагы келип 7-11 класстар менен аңгемелешүү иштерин жүргүздү.

**Декабрь:**

Санитардык гигиеналарды сактоо боюнча түшүндүрүү иштери болуп турду.

1-декабрь “СПИДке каршы күрөшүү” күнү белгиленип,дубал гезиттер чыгарылды, тарбиялык сааттар уюштурулду.

“Аалым алпы Ч.Айтматов” деген темада залкар акындын туулган күнүнө карата сабактар өтүлүп, Ч.Айтматов өмүрү жана чыгармачылыктары жөнүндө видеороликтер көрсөтүп, балдар сахналаштырып, аткарышты.

28-декабрь Жаны жылдык майрамга карата мектептин ичинде балаты коздолуп, “Максат” уюмунун жардамы менен оюн-зоок уюштурулду.

**Январь:**

Каникулдан кийин кайрадан балдарга санитардык гигиена боюнча түшүндүрүү иштери уюштурулуп, мугалимдердин дежурдук милдетти көзөмөлгө алынып турду.

“Ата мекенди суйөм жана коргойм” жана “Сен ооруба мен ооруйун Ата-журт” деген темаларда патриоттук класстык сааттар өтүлдү.

**Февраль:** Патриоттук тарбиянын айы деп белгиленди. 12-февралда атайын линейка уюштурулуп, Афганистан согушу боюнча тарых мугалими Эдилбек к.Баян окуучуларды даярдап, афган согушунун ардагерлердин үйлөрүнө барып интервью алып келип, окуучуларга кеңири түшунук берилди. 1-4-класстар “Мен чоң атам менен сыймыктанам” , 5-11 –класстар “Эрдик унутулбайт” деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

21-февралда “Энелер метеби” программасы киргизилип, ата-энелер менен биргеликте башталгыч класстарда тарбиялык ачык сааттар өтүлүп баштады. 22-февраль күнү Мекенди коргоо кунунө карата “Ким күчтүү” деген темада 8-11 класстар арасында жарыш оюндары уюштурулду. Ар бир класска тиешелүү болгон темалар боюнча класстык сааттар өткөрүлдү.

Сабактан көп калган балдардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**Март айы:** Нравалык тарбия айына карата мектепте тарбиялык план түзүлүп, иш алып барылды.

**3-**март Туунун 30-жылдыгы жана кыргыздын улуттук баш кийими Ак калпак майрамы белгиленди.

8-март аялдар майрамына карата “Кана эмесе кыздар!” деген конкурс уюштурулду жана ар бир класстын куттуктоо дубал гезиттери илинди.

Күндөлүк жана китептерин абалын “ Максат уюму” менен биргеликте текшерүү иштери жүргүзүлдү.

Спорт зал жана кабинеттердеги техникалык коопсуздук сактоо боюнча текшерүү иштери жүргүзүлдү.

“Кут болгун Нооруз майрамы” деген темада майрамдык иш чаралар уюштурулуп, класстык сааттар өтүлдү.

**Апрель айы:** Апрель айына карата план түзүлүп, иш чаралар жүргүзүлдү.
Эмгекке тарбиялоо айлыгынын негизинде, ишембиликтер уюштурулду. Мектептин айлана чөйрөсүн жашылдандыруу боюнча: балаты, ак кайыңдар, гулдөр отургузулду.

Апрель айында “Тамекисиз мектеп” декадасы деп белгиленип, план боюнча ар бир мугалим тарбиялык сабак өттү. Бардык класстарды чоң залда чогултуп, тарбия завучу Суюмбекова Ч.А.видео роликтерди жана класстарга докладдарды даярдоо менен көргөзмөлүү сабак өттү.Сабакка 5-11-класска чейин класс жетекчилери менен катышышты.

Ал эми 12-апрелде баардык мектептерде белгиленгендей эле “Жарандык коргонуу” куну белгиленип, уюштуруу иштери жургузулду. Кантип сактануу боюнча дубал гезиттер илинип, тузулгөн план боюнча класстар арасында класстык сааттар уюштурулду.

Балдардын укуктарына,жүрүм – турумдарына боюнча ар бир класстын жаштык өзгөчөлүгүнө жараша тиешелүү болгон темалар түзүлүп, соц. педагог жана тарбия завуч тарабынан балдар менен дисскусия, тарбиялык саат түрүндө сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү.

22-мартта 1-класста “Алиппе” майрамы өткөзүлдү.

Ар бир класстардын жума сайын дежурдук маалымдама, күндөлүктөрдү текшерүү иш чаралары уюштурулуп жатты.

**Май айы:** 1-май эмгек күнүнө карата Ишембилик уюштурулуп, мектептин тегерегин жыйноо иштери жүргүзүлдү.

9-май Жеңиш күнүнүн 77 жылдыгына Д.Шопоков баатыр атабыздын айылы болгондутан, мектептеги окуучулар менен бирдикте чоң концерттик программада уюштурулду.

Бутуруучулөргө 9-11-класстар үчүн экзамендерге даярдыктар көрүлүүдө.

Жыл ичинде кабыл алынган пландардын баары иш жүзүндө аткарылды. Жыл боюнча түзүлгөн план боюнча класстык тарбиялык саат өткөрүлдү.

Уюштуруучу :/ [signature] / Суюмбекова Ч.А.

WPS Office